Жобо ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып, бекитүүгө сунушталган. Протокол № __ , "_28_" ____08____ 2020-жыл.

«БЕКИТЕМИН»
ЖАМУнун ректору, профессор,
____________ К.Ж.Усенов
"_29_" ____08____ 2020-ж.

**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты**

(ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2018-жылдын 21-декабрындагы № 4 жыйынында кайра талкууланып, өзгөртүүлөр киргизилген;
ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2020-жылдын 28-августундагы № 1 жыйынында кайра талкууланып, өзгөртүүлөр киргизилген)

**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты** – Жалал-Абад мамлекеттик университетинин (ЖАМУ) Окумуштуулар кеңеши (ОК) тарабынан бекитилген жана билим берүүнүн сапатын жогорулатууга алып келүүчү пландалган жол-жоболордун (иш-аракеттердин) жыйындысы.

Окуу жайдын билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты ЖАМУнун 2020-жылга чейинки стратегиялык өнүгүү программасын ишке ашырууга жана университеттеги билим берүү процессин эл аралык стандарттардын (ESG, EFQM, CDIO) талаптарына дал келүүсүн камсыз кылууга багытталат.

Сапат жаатындагы ЖАМУнун саясаты бардык кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн канааттандырууну көздөйт:

- билим берүүнү башкаруу органдары, уюштуруучулар;
- билим берүү процесси үчүн кардарларды сунуштоочулар (мектептер, орто кесиптик окуу жайлар);
- кызматкерлер;
- студенттер;
- коомчулук, анын ичинде студенттердин ата-энелери.

ЖАМУдагы билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты университеттин ниетин, миссиясын, стратегиялык жана учурдагы пландарын, билим берүүнүн максаттарын, окутуунун натыйжаларын, сапат менеджменти системасын өзүнө камтыйт.

ЖАМУнун билим сапаты жаатындагы саясатынын негизги багыттары:

**1.Дүйнөлүк өнүгүү тенденцияларына ылайык билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү жана билим берүүдө конкуренцияга туруктуулукту камсыздоо**:

1.1. өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүн жана стейкхолдерлердин бардык кызыкчылыктарын эске алуу менен билим берүүнүн зарыл болгон мазмунун жана технологиясын камсыз кылуу;
1.2. эл аралык деңгээлде конкуренцияга жөндөмдүү билим берүү программасын, модулду, продукцияны түзүү;
1.3. билим берүү процессин уюштуруунун заманбап системасын түзүү жана билим алуучулардын жаңы максаттуу тайпаларын камтуу;

1.4. EFQM (европалык сапатты башкаруу модели) моделинин негизинде университеттин туруктуу өнүгүүсүн уюштуруу жана конкуренцияга туруктуулугун жогорулатуу;

1.5. билим берүү процессине тынымсыз мониторинг жүргүзүү жана мезгил-мезгили менен баалоо.

**2. Билим берүү, илим изилдөө жана инновациялык ишмердүүлүктө заманбап инфраструктураны түзүү:**

2.1. окутууда, креативдүү ишмердүүлүктө, инновациялык өндүрүштө жагымдуу жана өнүктүрүүчү чөйрөнү түзүү;

2.2. окуу, илимий-изилдөөчү, долборлоочу-технологиялык университеттик комплексти дүйнөлүк талаптарга ылайык жабдуу;

2.3. окуу жайдын билим берүүчү жана илим изилдөөчү ишмердүүлүгүн интеграциялоого багытталган перспективалуу билим берүү долбоорлорун колдоо;

2.4. билим берүү чөйрөсүн жана ESG (европалык жогорку билим берүү мейкиндигиндеги жогорку билим берүүдөгү сапатты камсыздоо боюнча стандарттар жана колдонмолор) директиваларына негизделип илимий изилдөөлөр жана инновациялар менен байланышты камтыган окутуунун жана билим берүүнүн сапатынын кепилдигин камсыздоо.

**3. Студентке багытталган окутууну уюштуруу:**

3.1. окутууда инсанга багытталган мамиле жасоону өнүктүрүү;

3.2. студенттердин жекече окуу мүмкүнчүлүктөрүн камсыздоо;

3.3. студенттердин билим берүү програмасын өздөштүрүүсүн, окууну аяктаганда билим берүү стандарттарына жана эл аралык талаптарына ылайык кесипке ээ болуусун камсыздоо;

3.4. билим берүү жана илимий изилдөө ишинде студенттердин жекече жетишкендиктерин эске алуу менен окутуунун натыйжаларын баалоо системасын өнүктүрүү

**4. Кызматкерлердин жана студенттердин кесиптик деңгээлинин конкуренцияга туруктуулугун камсыздоо:**

4.1. университеттин кадр потенциалынын деңгээлин жогорулатуу;

4.2. университетте иштөө үчүн кесипкөй жана келечектүү кызматкерлерди тартуу;

4.3. илимий-педагогикалык кызматкерлердин кесиптик жактан өсүшүн колдоо жана стимулдаштыруу;

4.4. студенттердин бардык категорияларынын конкуренцияга туруктуу контингентин камсыздоо.

ЖАМУнун жетекчилиги билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын бардык кызматкерлерге жеткирүүнү жана аны эффективдүү ишке ашырууну өзүнө алат. Бул саясат башкаруунун бардык деңгээлдеринде ишке ашырылат жана зарыл болгон учурда талдоого жана кайра кароого жатат.

Ушуга байланыштуу **ЖАМУнун ниети** катары төмөндөгү эсептелет: университеттин билим берүү, илимий жана инновациялык ишмердүүлүгүн модернизациялоо аркылуу республиканын социалдык-экономикалык жактан туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуучу жогорку кесипкөй адистерди даярдоочу

университет катары республикабыздын билим берүү мейкиндигиндеги эң алдыңкы орундарга жетишүү менен өзүнүн позициясын бекемдөө.

Окуу жайдын миссиясы кызыкдар тараптардын муктаждыктарынан жана университеттин өз потенциалын объективдүү баалоосунан келип чыккан стратегиялык негизги максаттардын жыйындысы катары таанылат.

**ЖАМУнун миссиясы**: глобалдуу атаандаштыкка жөндөмдүү, жогорку илимий жана кесиптик потенциалга ээ болгон, республиканын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө теориялык жана практикалык салымын кошуучу кесипкөй адистерди даярдоо.

Жалал-Абад мамлкеттик университети кабыл алынган миссиясына ылайык стратегиялык жана учурдагы иш пландарды иштеп чыгат.

**Стратегиялык пландар** – университет тарабынан келечекте ишке ашырылуучу стратегиялык максаттарынын жана аны ишке ашыруунун багыттарынын аныкталышы, аны ырааттуу ишке ашыруунун жолдорунун, технологияларынын жана ресурстарынын көрсөтүлүшү. Ошондой эле ал максаттарды ишке ашыруу мөөнөттөрүнүн, аткаруучулардын иш-аракеттеринин ачык-айкын чагылдырылышы. ЖАМУнун стратегиялык пландоосу көпчүлук учурда кызыктар тараптардын күтүүлөрүн эске алуу менен келечекти болжоого багытталган.

ЖАМУнун стратегиялык планы катары **“Жалал-абад мамлекеттик университетинин 2020-жылга чейинки өнүгүү стратегиясы”** ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 24.03.17-ж отурумунун № 6 протоколунун чечими менен бекитилген. ЖАМУнун 2017-2020-жж. чейинки Өнүгүү стратегиясынын тезистерине ылайык **“ЖАМУнун 2017-2020-жж. өнүгүү стратегиясынын матрицасы”** иштелип чыккан.

ЖАМУда жыл сайын учурдагы пландар иштелип чыгып окуу жылынын башында бекитилет.

**Учурдагы пландар –** окуу жайдын алдында турган фундаменталдык маселелерди чечүүгө багытталган тактикалык иш-аракеттердин планы. Учурдагы пландар стратегиялык өнүгүү планына негизделип, жогорку билимдүү кесипкей адистерди даярдоо, эмгек рыногунда өз ордун табууга өбөлгө түзүү, кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн эске алуу менен бекитилет. Бул план окуу жайдын ишмердүүлүк багыттарынын бардык сфераларын камтыйт жана билим берүү сапатын жакшыртуу, күтүлүүчү натыйжалары эске алынуу менен түзүлөт.

ЖАМУнун бир окуу жылына карата иштелип чыккан иш-пландары окуу жылынын башында Окумуштуулар кеңешинин биринчи отурумунда кабыл алынат.

Университеттин стратегиялык башкы максаты катары жалпы орто, жогорку окуу жайга чейинки, орто кесиптик, жогорку, кошумча кесиптик билим берүүдө сапаттуу кызмат көрсөтүү жана мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык илимий-изилдөө кызматын көрсөтө алган, республиканын экономикасынын, социалдык өнүгүүсүнүц талаптарына жооп берген жогорку илимий квалификациялуу адистерди даярдоо.

Билим сапаты жаатындагы ЖАМУнун башкы максаты катары окуу жайдагы билим сапатын жакшыртууну уюштуруу, сапатты башкаруу системасын ишке ашыруу жана өнүктүрүү, жалпы университеттик билим сапатын жогорулатуу эсептелет.

Башкы максатка ылайык билим берүүнүн максаттары иштелип чыгат. **Билим берүүнүн максаттары** – окуу жайда окугандардын (бүтүрүүчүлөрдүн) билим алуудагы, кесиптик ишиндеги жана социалдык-экономикалык турмуштагы потенциалдарын ийгиликтүү ишке ашырышы үчүн керектүү компетенцияны калыптандырууга тийиш болгон максаттар.

**ЖАМУнун билим берүү жаатындагы максаттары катары төмөндөгүлөр белгиленет:**

1. Гуманитардык, социалдык, экономикалык, математикалык жана табигый-илимий багытта билимдердин негиздери боюнча даярдоо, бакалавр жана адистик даражасы боюнча жогорку кесиптик профилдик билимдерди берүү жана бүтүрүүчүнүн өзү тандап алган ишмердүүлүгүнүн сферасында иштөөгө жетишүү, социалдык мобилдүүлүккө жана эмгек рыногундагы туруктуулукка жөндөмдүү болууга мүмкүндүк берген универсалдык жана кесиптик компетенцияларга ээ кылуу.
2. Түрдүү тармактардагы жана менчик формасы ар түрдүү болгон ишкана, мекемелердин кызматтарында иштөөсү үчүн кесиптик ишмердүүлүккө даярдоо, административдик кызматтарда, орто жана орто кесиптик окуу жайларында окутуучулук ишмердүүлүктө, мамлекеттик органдардын республикалык жана муниципалдык деңгээлдериндеги башкаруу кызматтарында иштөөгө даярдоо;
3. Студенттерде социалдык-инсандык сапаттарды калыптандыруу, максаттуулукту, жарандыкты, эмгекти сүйүүчүлүктү, жоопкерчиликти сезе билүүнү, коммуникативдик сапаттарды, толеранттуулукту, жалпы маданиятты көтөрүү жоопкерчилигин калыптандыруу;
4. Өзүнүн жетишкендиктерине жана кемчиликтерине сынчыл баа бере билүүгө үйрөтүү, кемчиликтерди жое билүүнүн жолдорун жана каражаттарын тандоо жөндөмдүүлүгүнө ээ кылуу;
5. Граждандык демократиялык коомдун баалуулуктарынын негизинде диалог кылууга жөндөмдүү жана даяр болууга жана активдүү жарандык позицияны ээлөөгө жөндөмдүү болууга үйрөтүү.

**Окутуунун күтүлүүчү натыйжалары** – студенттер тарабынан жумушчу окуу планынын кайсы бир бөлүгүн (дисциплина, предмет, практика ж.б.) ийгиликтүү өздөштүрүүсү, окууну бүтүргөндөн кийин билип чыгуучу, аткара жана көрсөтө (демонстрациялай) алуучу компетенцияларга ээ болуусу, студенттердеги максатка умтулууларынын, эмгекти сүйүүчүлүгүнүн, жоопкерчилигинин, атуулдугунун, коммуникативдүүлүгүнүн, жалпы маданиятынын калыптанышы.

Окутуунун натыйжалары – бул студенттер тарабынан өздөштүрүлгөн жана окууну бүткөндөн кийин көрсөтө алуучу билимдердин, ык-машыгуулардын, билгичтиктердин жыйындысы. Башкача айтканда студент окууну бүткөндөн кийин билүүсү, түшүнүүсү жана жасай билүүсү керек болгон натыйжалар.

Өкутуунун натыйжалары дегенде өздөштүрүлгөн билимдер жана калыптанган компетенцияларды түшүнүүгө болот.

**ЖАМУ окутуу аркылуу күтүлүүчү натыйжалары катары төмөндөгүлөрдү белгилейт:**

1. Гуманитардык, социалдык, экономикалык, математикалык жана табигый-илимий багытта билимдерди алат, бакалавр жана адистик даражасы боюнча жогорку кесиптик профилдик билимдерге ээ болот, бүтүрүүчүнүн өзү тандап алган ишмердүүлүгүнүн сферасында иштөөгө жетишет;
2. Социалдык мобилдүүлүккө жана эмгек рыногундагы туруктуулукка жөндөмдүү болууга мүмкүндүк берген универсалдык жана кесиптик компетенцияларга ээ болот;
3. Билим берүүнүн натыйжасында бүтүрүүчү курчап турган чөйрө жөнүндөгү билимдердин системасына ээ болот, дүйнө түзүлүшүн жана учурдагы концепцияларды, адамдын табияттагы жана социумдагы ордун түшүнөт, жашоо жана маданий баалуулуктарга карата ыңгайлаша алат;
4. Кесиптик милдеттерди чечүүдө алынган билимдерди, калыптанган компетенцияларды өзүнүн кызмат ордунда пайдалана билет, сергек жашоого үйрөнөт, табиятты коргоого, жаратылыш жана энерго-ресурстарды рационалдуу колдонууга, маданияттын көп түрдүүлүгүн, гендердик теңдикти сыйлоого жетишет.
5. Өзүнүн жетишкендиктерин жана кемчиликтерине сынчыл баа бере билүүгө үйрөнөт, кемчиликтерди жое билүүнүн жолдорун жана каражаттарын тандоо жөндөмдүүлүгүнө ээ болот;
6. Граждандык демократиялык коомдун баалуулуктарынын негизинде диалог кылууга жөндөмдүү жана даяр болот, активдүү жарандык позицияны ээлөөгө үйрөнөт;
7. Түрдүү тармактардагы жана менчик формасы ар түрдүү болгон ишкана, мекемелердин кызматтарында иштөөсү үчүн кесиптик ишмердүүлүккө даяр болот, административдик кызматтарда, орто жана орто кесиптик окуу жайларында окутуучулук ишмердүүлүктө, мамлекеттик органдардын республикалык жана муниципалдык деңгээлдериндеги башкаруу кызматтарында иштөөгө даяр адис катары калыптанат.

ЖАМУнун билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатынын бир тутуму катары "ЖАМУнун сапат менеджменти системасы" эсептелет. Аталган жобо ЖАМУнун 2017-жылдын 30-октябрындагы Окумуштуулар кеңешинин №3 жыйынынын токтомуна ылайык бекитилген.

Даярдагандар:
Алибаев А.П.
Токоева Г.С.
Айтикеев Н.